**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

______________________№___ Бишкек ш.

**Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоо эсебине алуу тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасында колдонуучуга багытталган санариптик платформаларды жана сервистерди киргизүү, санариптик кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы инновациялык жолдорун ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы № 435 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жери жана барган жери боюнча каттоо жана каттоо эсебинен чыгаруу эрежелери жөнүндө жобонун 9-пунктуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоо эсебине алуу тартиби (мындан ары – Тартип) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн бул Тартип боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин уюштурсун.
3. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Инфоком” мамлекеттик ишканасы жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Түндүк” мамлекеттик мекемеси бул буйрук чыккан күндөн баштап бир айлык мөөнөттө аталган Тартипти ишке ашырууга байланышкан зарыл даярдоо жана уюштуруу-техникалык маселелерди чечишсин.
4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин басма сөз кызматы кол коюлгандан тартып үч иш күндүн ичинде бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин расмий сайтына жарыялансын.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министринин орун басары К. С. Омельченкого жүктөлсүн.
6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Министрдин у.м.а.** **Ж.Б. Жумалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН